**Орозалиев А.А.,**

**“Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери”, аттуу география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянына пикир.**

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүктү алышы менен эл чарбасынын ар тараптан өнүгүшү үчүн айлана чөйрөнү коргоо жана суу-жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу бүгүнкү күндүн башкы көйгөйлүү маселелердин бири болуп келүүдө.

Азыркы мезгилде Баткен областынын башкы экономикалык, социалдык багыттарын көтөрүүдө айыл чарбасынын өнүгүүсүнүн бирден бир жолу болуп, суу-жер ресурстарын үнөмдүү жана сарамжалдуу пайдалануу зарылчылыгы келип чыкты.

Орозалиев А.А., тарабынан изилденип жаткан аймактын климаттын өзгөрүүсүнө жараша суу-жер ресурстарынын экологиялык, экономикалык, сандык жана сапаттык жактан талдоодогу көйгөйлүү маселелерди чечүүдө илимий кеңири маалыматтарды алып, аны практика жүзүндө айыл чарбасынын өнүгүшү үчүн бири-бирине айкалыштырып кароо жана пайдалануу бүгүнкү күндүн башкы актуалдуу маселелердин бири.

Баткен областынын айыл чарбасын өнүктүрүү, жер ресурстарын иштетүү, өнөр жай жана күндөлүк үй тиричилигинде ошондой эле башка чарбалык иштерде суу ресурстарын колдонуу, суу ресурстарын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн усулдук жактан баа берүү изилденип жаткан аймактын суу ресурстарын аныктоого шарт түзөт. Каралып жаткан Баткен областынын аймагында орун алган суу ресурстарынын жер үстүндөгү жана жер алдындагы дарыя агымдарынын түзүчүлөрүн аныктоо, орточо жылдык агымы, суусу мол мезгили жана суусу тартылган мезгилдерин жогоруда аты аталган окмуштуулардын тажрыйбаларына таянуунун негизинде анализдеп жүргүзүлдү.

Негизги Баткен областынын жер ресурстарын азыркы мезгилдин талабына ылайык сарамжалдуу пайдалануу жеке эле айыл чарбасы үчүн эмес бүтүндөй областын социалдык экономикалык абалын өсүп өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизет. Ошондуктан биз карап жаткан Баткен областынын суу-жер ресурстарынын комплекстик түрдө анализдеп, илимий жактан изилдөө туура деп эсептейм.

Изилдөө обьектиси болуп, Баткен областынын аймагында жайгашкан суу ресурстары, дарыялары, суу ресурстарын түзүүчү элементтер жана жер ресурстары, жер ресурстарынын пайдалануусу жана андагы көйгөйлүү маселелер. Ал эми изилдөө предмети, бул аймакта аймакта суу ресурстарына география-гидрологиялык усулдун негизинде баа берүү, жер ресурстарынын азыркы мезгилдеги абалы, пайдаланылышы, геоэкологиялык көйгөйлүү маселелери суу-жер ресурстарына антропогендик тийгизген терс таасирлерин чечүүнүн жолдору жана суу-жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу.

Коюлган илимий изилдөөнүн жүрүшү география-гидрологиялык ыкманын негизинде аймактын суу ресурстарына сандык жана сапаттык жактан баа берүү, жер ресурстарынын азыркы мезгилде пайдалануунун геоэкологиялык көйгөйлүү маселелери, суу-жер ресурстарына антропогендик тийгизген терс таасирлерин чечүүнүн жолдору, климаттын глобалдык өгөрүүсүнө карата ыңгайлашууда суу-жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана аларды коргоо маселелери.

Илимий изилдөөнүн жаңылыгы, алынган маалыматтарды анализдөөнүн негизинде адам баласынын жаратылышка тийгизген терс таасири, суу ресурстарынын өзгөрүүсү

жалпы калк үчүн жана айыл чарбасы үчүн жаратылыштын күтүлбөгөн өзгөрүүлөргө алып келди. Мына ушул алынган маалыматтардын негизинде Баткен областынын суу-жер ресурстарына баа берүү төмөнкү аргументтер менен аныкталды.

1. Азыркы климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу Баткен областынын суу ресурстарына кайрадан жаңы шарттарда баалоо жүргүзүлдү.
2. Жер ресурстары жана андагы геоэкологиялык көйгөйлүүмаселелерди чечүүнүн жолдору сунушталды.
3. Суу ресурстарын колдонууда бассейиндик башкаруу механизимин киргизүү тажрыбасы сунушталды.
4. Климатка байланыштуу дарыя сууларынын сезондор боюнча өзгөрүүсу жана айыл чарбага тийгизген таасирлери аныкталды.
5. Дүйнөлүк суу ресурстарын колдонуудагы кошуна мамлекеттердин алкагында эки тараптуу компенсация жолдорунун механизми сунушталды.

Илимий ыкма жана илимий иштин практикалык мааниси, бул жерде Орозалиев А.А., география-гидрологиялык усулду колдонуунун негизинде биринчи жолу Баткен областынын аймагында суу ресурстарына сапаттык жана сандык жактан баа берилди. Бул усулдун (метод) суу ресурстарына колдонулушу аймактагы айрым административдик райондор үчүн экономикалык жана социалдык жактан өнүгүшнө оң натыйжасын берет. Жер кыртышынын эрозилык жактан бузулушуна жол бербөө жана жер иштетүүдө жергиликтүү шарттарга жараша бир канча жаңы заманбап агротехникалык сунуштар киргизилди.

Мезгилдин талабына жараша областын экономикасын жана айыл чарбасын өнүктүрүүнүн бирден бир жолу болуп, суу-жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу зарылчылыгы келип чыкты. Айыл чарбасында фермерлер жана дыйкандар үчүн жерди иштетүү, топурак катмарларынын асылдуулугун арттыруу негизги багыттардын бири.

Изилденип жаткан аймактын суу-жер ресурстарынын экологиялык экономикалык көйгөйлүү маселелерин чечүүдө илимий түрдө кеңири маалыматтарды колдонуу менен бирдикте аларды практика жүзүндө айыл чарбасынын өнүгүшү үчүн бири-бирине айкалыштырып кароо жана пайдалануу бүгүнкү күндүн башкы актуалдуу маселелердин бири.

Орозалиев Алымкул Абдикеримовичдин "Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери", (25.00.36- Геоэкология) деген темадагы география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши актуалдуу, теориялык жана практикалык мааниге ээ, өз алдынча аткарылган илимий изилдөө жана КР УАК тын жобосунун талаптарына ылайык иштелип чыккан •эмгек болуп саналат. Жактоого сунушталат.

**Илимий жетекчиси**
**г.и.д., доцент** **М.М. Дылдаев.**